*Торобай ИСМАИЛОВ*

# ЧООЧУН БАЛА



Жалал-Абад 2012-ж.

Формуляр книги

Төрөбай ИСМАИЛОВ



# Чоочун бала

Басма

Жалал-Абад 2012-ж.

КОК-ЯНГАКСКАЯ
городская библиотека



## АВТОР ТУУРАЛУУ

*Мен Жалал-Абад шаардык басмаканасында мастер болуп иштеп жаткамын. Ошол учурда биздин басмаканадан Сузак, Ленин (азыр Ноокен) Базар-Коргон райондорунун, үч-төрт колхоздун гезиттери басылып чыкчу.*

*Сузак райондук «Пахтачы» газетасына Торобай Исмаилов деген жигит кабарчы болуп иштеп калды. Бир аз жылдарда гезиттин жооптуу катчысы болуп дайындалды. Анда жумасына үч жолу гезит чыкчу. Гезит чыккан күндөрү Төрөбай эртеден кечке иште болуп, гезитти басууга тапшырганда гана үйүно кетээр эле. Басмаканада башкы инженер болгонумда Төробай экообүз дагы жакын болдук.*

*Китенке кирген аңгемелерин окуп отуруп, Төрөбайдын чыгармачыл аракетине ыраазы болдум. Китепти алып окуган ар бир окурман автордун аңгемелеринен кайдыгер болбойт деген ойдомун.*

**Ибрагим ИСАКОВ,**
**Жалал-Абад шаары.**

*Бул жыйнакка кенже жана өспүрүм жаштагы балдар үчүн аңгемелер жана уламыштар киргизилген.*



# АҢГЕМЕЛЕР



# ТАРГЫЛ УЙ

Таргыл уйга эч ким жакын басып келбеди. Базарда таргыл уйга окшош уйлар сан жетпөөчүдей. Берен ушинтип ойлоду. Таргыл уй эмне болуп калыптыр. Андан эки келе турган уйларды көргөнде Берендин оозу ачылды. Ай үйдөн чыкканда таргыл уйдан чоң уй жок. Ал бардык уйлардын чоңу деп ойлогон. Эми мал базарды аралап, уй көзүнө кичинекей көрүнүп калды.

– Оозуңду ачпай, уйду жакшылап кармап тур! Кокус бирөө жарымга карматып жиберчүү болбо, уктуңбу?.. Мен азыр көлем. Акеси Бекен бир жакка жылт койду.

Дагы бир жерден бир нерсенин жытын сезип калгандыр байкуш акем - деп ойлоду Берен. Тигинде сынык мүйүз ноопазды соодалашып жаткан адамдарды көрүп, Берен аларга кызыга карады.

– Келе колуңду! Төрт жүз сом - деди куйкум сакал, сары киши ноопаз кармап турган калпакчан жигитти колдон алып. Ал саал ыңгырынды окшойт. Сары киши:



– Ой апенди, баасы жетти. Бар! Бар баракө тап! Ал жигиттин колун кое бербей силкип жатты.

– Бар, бараке, бараке тап!

Аны жаалагандар да болду. Калпакчан жигит күлүмсүрөгөн калыбында жооп айтпай турду. Сары кишинин жанында турган эткээл адам шыбырады.

– Беш сом коштум! Ана төрт жүз беш сом болду! Ушуга макулсуңбу? Сары киши калпакчандын колун кармап, кое бербей силкип жатты.

– Марттык кылдым, дагы беш сом коштум. Ноопаз баасынан ашып кетти үка!.. Жигит унчукпады.

– Деги сатасыңбы? Сары киши калпакчандын колун кое бербей зөкип сурады. - Сатам дегенчелик кылып күлүмсүрегөн калыбында баш ийкеди. Тиги дагы колду силкип кирди...

– Дагы беш сом коштум. Жигиттен ак же көк деген жооп болбогондон кийин сары киши жигиттин колун коё берип;

– Сата турган көөнүң жок турбайбы! - деди дагы шеригин ымдап коюп, нары басты. Эки козу кармап турган тебетейчен кишини кердү Берен.

– Койлор сатылабы?.. Сары кишинин койлордун ээсине берген суроосу ушул болду. Суроого жооп укпай эле ал койлордун жонун кармалап, куйругун салмактап көрүп;

– Канча дейсиң? - деди кой ээсине карап:

– Сиз айтыңыз, дитиңизди билейин. Койдун ээси ушуну айтып тим болду.

– Ашык кеми жок, экеенө эки берейин. Ушуга макул де. Келе колуңду? - деп киши сатармандын колун кармап, - береке тап! - кылып колун силке баштады. Тигил;

– Саал кошо түшүң - деп адегенде көнбөдү. Ошол учурда нары жактан дагы бир киши келип, алардын соодасына кошулду. Дагы келип кошулгандар болду.

– Эй тууган, баа жакшы болду. Бере бер аваң кар-

дал болуп калыптыр. Бер! Тургандардын бирөө сурап кетти. Сары киши сатармандын тез ийге келээрин, айтканына көнөөрүн билип, жабышты да калды. Сатарман силкине берип колу оорудубу же көңүлүнө баа туура келдиби тез эле макул болду. Далдалчылык кыла койгон адам койлорун саткандан үч сом ширенкене алды. Аларман иш оң келгенине сүйүнгөндөй койлорду жетелеп, четтеги дарактардын бирине байлады. Соодалашкандардын кызыгына баткан Берендин оюн акеси Бекен бузуп жиберди.

– Ой, оозуңду ачпа дебедим беле. Эл көрө элексиңби, же мал көрө элексиңби ыя!!. Түзүгүрөөк болбойсуңбу? - деп корс этти.

– Уйду сураганы бирөө жарым келдиби? Берен тултуюп, суроосуна жооп бербеди. Акеси карга бок чокуй электе жыттанып келиптир. Оозунан жыттанган арактын сасыгы мурун жарат. Берендин буга бир алдын денеси жыйрылып алды. Акеси болсо, уламдан-улам тамекинин түтүнүн бурулдата үйлөп, көңүлү көтөрүңкү аяк-быякка басып, уйлардын баасын сурап коёт.

– Уй сатылабы? Таргыл уйдун жонунан кашылаган адамдын суроосу ушул эле.

– Сатылат. Озунуп акаси жооп берди. Аларман аш-паш дегиче уйдун мойну башын, жонун, ал тургай желинине чейин кармалап көрдү. Уй ала турган адамга жага түшкөнсүдү. Уйдун ары жак бери жагына өтүп аябай карады. Бул Ысман деген адам болчу. Дайыма мал базарда болуп, бирөөлөрдөн арзан алып, зарыккандарга кымбатка сатып, кызыл кулактык кылат. Уйдун ээлери жаш экенин көрүп, жетип келген чагы болчу.

– Канчанын энеси?

– Төрттүн. Берен жооп берди акесинен озунуп.

– Жаш экен. Анысы жакшы. Бирок андай-мындай пейли жокпу, мунуңардын көрүнүшү жакшы экен, жаш экен деп ала коюп, накта күйгөн убактарым болгон. Ал жагын да айтып коеюн - деди Ысман көздөрүн ачып, жумуп, – Ава, муну алсаңыз күйбөйсүз. Зарыккандан сатып атабыз. Бекен оозундагы тамекисин ала коюп сүйлөдү.

– Айта бересиңер. Силер сатасыңар, пулду чөнтөккө уруп, жолго түшөсүңөр. А бизчи, быягын да ойлош керек.

– Алсаңыз алыңыз, албасаңыз башты оорутпаңыз! Ансыз да... Бекендин ачуусу келип, түгү бетине чыга түшкөнсүдү. Муну көрүп, Берендин үрөйү учуп кетти. Балээ басып, уруш чыгып кетип, ит болбогой эле деп ойлоду. Тиги киши азаматтык кылды. Ал Бекендин сөзүн кулак сыртынан кетирди.

– Үка, базар деген ушул. Бири кырды айтса, дагы бири ойду айтат. Уюң колуңда, өз пулум өзүмдө, анын эмнеси бар. Соодалашабыз. Дитибиз туура келсе баа кылабыз. Болбосо жок, ушул эле сөзүмө ачууланба үка - деди Ысман Бекенди далыдан таптап Бекен ачуусу тарап өзүнө келип калган.

– Таргыл уй сатылды. Акчаны санап берип:

– Бул жагынан жол болду. Кыйла эле арзан алдым – деп кымыңдаган Ысман уйду жетелеп, тигилердин көзүнөн оолак болууга шашты. Бекен болсо акчаны тутамдап, чөнтөккө урду. Уй байлаган жипти Беренге карматты.

– Баса тур, мен азыр артыңан жетемин - деп эл котологон жакка бой урду.

Бир жакын нерсесин жоготкондой Берендин жан дүйнөсү аңгырай түштү. Каруусун казык, билегин токмок кылып, бирдеме тапсам деген апасын эстеп, ка-

ңырыгы түтөдү. Балдарым деп ошолор жесин, ошолор ичсин, ошолор кийсин деп жүрүп, карып кетти. Апасы бутуна байлап, эш тутканы таргыл уй эле. Аны да сатып тынышты. Берен билгенден акеси Бекен бир жарытылуу адам болбоду. Тиякта-быякта окуйм деп жүрүп, далай жылдарды өткердү. Али күнгө окуунун дайны жок. Аял алып, жарытылуу түтүн булатпады. Качан болсо, мүнөзү жакпады, жагымсыз жыты бар экен, төркүнчүл деген шылтоо менен далай аялды кетирди. Алардын ар бирине далай акчалар кетти. Эми дагы акеси үйлөнгөн атат Таргыл уйдун акчасы ошого жумшалат. Аны Берен билет. Сыягы, эмки ала турган аялы домкультурада иштейт имиш. Ушул Бекендин жоругун көрсөтпөсө экен деп Аллага жалынып жүрүп, көп деле карый элек чагында атасы да жарыкчылык менен коштошкон. Бекен көрүнгөндө ыраматылык атасы бир ай бою бешик жанынан жылбай, - жаратканың чын болсо, баланын жанын таштан жарат! - деп жаратканга жалынып отурганын эч ким эстен чыгара элек...

Берен акесин күтүп турганда опур-топур көп элдин наркы четинде байланып турган таргыл уйду көрдү. "Таргыл уй бизден кеттиң эми эч качан бизге жайлоого барбайсың. Апамы да көрбөссүң!.. деп күбүрөндү. Берен көзүнөн жаш кылгырганын сезбеди..." "Сатып жибердик күнөө бизде. Акча керек болуп калбадыбы. Эми сен жакшы адамга туш боло гөр! Сен бизди кечир..." Берендин сезиминде ушул сөздөр кайталанып жатты.

Бир маалда топ жарып, ары-бери термелип, буту чалыштаган акесинин келе жатканын көрдү. Өңү езгөрүп, көздөрү кызарып кетиптир. Алыстан эле:

– Эмне мурчуясың, мен ичкеним үчүнбү ыя? Сага окшогон командирлерди биз уруп ойнобойбуз, уктуң-

бу?! Ыктытып алды. Берен жооп берген жок, колтугуна жипти кысты да, алдыга түшүп, ылдамдай басты.

Көөдөнүнө ыза толду. Үйдө отурган апасын эстеди. Апасында не жазык. Зарлап жүрүп бала көрдү. Чоңойсун деп өзү жебей, ичпей баарын баласына берди.

Баласы апасы үчүн эмне кылып берди?

Жашы кырктан ашып калса да апасынын мойнунан түшпөй отурат. Чачы куудай ак, бырыш баскан жүзү санаага толгон апасын эстеген сайын Берендин көзү жашка толо берди.

– Апа, турмушта жашай бергин. Мен чоңойсом, өзүм багам. Апа кайгырбаңыз. Ансыз да турмушта арып, чарчап бүттүңүз! Биз деп жашап келесиз. Аны түшүнөм апа! Бекен үн сөз жок жолдо ыйлап келе жатты...

... Ушул маалда аракка алдырып койгон Бекен жол жээгинде башы ылдый караган боюнча коңурук тартып уктап жатты. Бул кандай неме дегенсип, адамдар андан алысыраактан айланып өтүп жатышты...

## *БАЛА МЫШЫК*

Мышыгыбыз уктабайт. Бала мышык. Өйдө-төмөн чуркап, кээде ала кийизди тыткылап ойнойт. Шыбырт деген дабыш угулса, кулактарын тикчийтип, комдоно калат. Анысы чычкан аңдыганы. Айтмакчы чычкандан кутулуп эле калдык. Мурда мышыгыбыз жок чакта кайдан чыкканын ким билсин үйдүн ичинде чычкандар пайда болчу. "Мышык алып келели" деген атамдын сөзүнө апам макул болбой, жүрдү.



Акыры апам үй болгондон кийин мышык керек болоорун ойлоду окшойт. Коңшунун үйүнөн мышыктын баласын алып келген.

Мурда мышыкы кармап көрбөгөндүктөн бөбектөрүм ага кол тийгизүүдөн коркуп да жүрүштү. Бала бышык үйүбүзгө дароо эле үйрөнүп кетти. Үйдөгү чычкандар дагы дайынсыз жоголушту. Карындашым Айгүл мышык менен ынак болуп кетти. Көтөрүп жүргөнү жүргөн. Мышык болсо анын жоругун билгендей көзүн жуумп, "гыр-гыр" мыйолоп, колунда жүрө берет. Карындашым аны карап алып, "Чен ыйлабайчың ээ. Мен көтейөм да" кеңешип алып дагы эле мышыкты колунан түшүрбөйт. Ал эми иним Жетиген бала мышыкты кээде гана эрмектейт. Анын көчөдө ойноор достору көп. Күн бою үй бетин көрбөй ошолор менен. Ал кечкисин гана үйдө болот. Кечки тамакты ичээри менен уйкуга кетет. Айгүл болсо үйдөн чыкпайт. Ошондуктан ал мышыкка жакын. Ал кээде өзү жеп жаткан тамагын кашык менен сузуп алып туура эле мышыктын оозуна алып барат.

Күндөрдүн биринде мышыгыбз сыртка чыккан бойдон кепке чейин келбей калды. Мен баш болуп, бөбектөрүм баарыбыз үй ичин тинтип карадык. Бирок мышыктан дайын жок эле. Айгүл болсо мышык жок деп ыйлап турат. Үй тобубуз менен мышыкты издеп жүрүп, чарчагандай эле болдук. Сыртка чыгып "пыш" "пыш" деп аны чакырабыз. Ага деле жооп жок. Бир оокумда "мыйо" деген үндү кулагым чалып калды. Нары-бери карадым, көзүмө эч нерсе көрүнбөдү. Дагы "мыйо" деген үн чыкты. Бул каяктан чыккан үн? Көзүмдү чоңураак ачып, эки жакты шашпай карай баштадым. Чоң түп өрүктүн башында турган мышыгымды көрүп калдым. Байкуш мышык өрүктүн ичке бутагын кучактап туруптур. Сүйүнүп кеттим.

– Мышыкты таптым, – деп кыйкырып жибердим.

Үйдөгүлөр сыртка топурап чыгышты. Мен аларга үрпөйүп, алда немеден корккон мышыкты көрсөттүм.

– Баягы Актөштүн кылганы. (Биздин итибиздин аты ушундай). Дагы кубалаган экен да – деди апам. Мен үнчукпай өрүктүн башына чыгып иттен коркуп калган бала мышыкты алып түштүм. Мышыгын кучактап, Айгүл борсулдап күлдү. "Мысык, мысык" дей берди. Анан мышыкты өөп койду. Ушул саам апам бизге ит менен мышыктын кантип каршы болушканын айтып берди.

... Илгери, илгери ит менен мышык коңшу ынтымактуу жашап турушат. Күндөрдүн биринде каардуу кыш да кирип келет. Ошол учурда иттин буту үшүй баштайт. Ал айласы кетип, коңшусу мышыкка тери көтөрүп келет. "Чокой тигип бер досум" дейт. Мышык бул сунушка дароо макул болот. Арадан мезгил өтүп, күн айга, ай жылга айлана берет. Ит берген терисин доолап, далай жолу мышыкка келет. Келген сайын мышык терини колго алып, "Уфф-уф-уф мына бүтүп жатам" деп кирет. Ошондон бери ит чокойго деп берген терисин мышыктан доолайт экен.

Апамдын айтканын кунт коюп уктук. Ушул жолу Ак төш биздин сөзүбүздү угуп, түшүнүп тургандай коомдонуп жаткан эле.

## *ЧООЧУН БАЛА*



Колумдагы уйпаланган дептерди кароого эми чолоо тийди. Муну алып келген бала эсиме түштү. Ошондо уялып атып, ал бала биздин үстүбүзгө араң кирген. Көздөрү бакыракай, ыйманы ысык ошол бала көз алдыма келди. Анын көз карашында, кыймылында кенедей куулук, шумдук жок экени байкалып турду. Ал биз

менен амандашууну унутуп, чөнтөктөрүн чукулап атып, бүктөлгөн дептерди сууруп чыкты. Дептер чөнтөктө көп жүргөндүктөн тыштары уйпаланып, жыртыла баштаптыр. Бала адегенде дептерди кимге сунушун билбей буйдала түштү. - Мага бере бер - дедим мен анын оюн түшнө коюп. Анткени редакцияда келген катты мен каттап, тийиштүү адамдарга бөлүп берчүмүн.

– Ойго келген нерселерди чиймелей коюп. Бала сөзүн бүтпөй мукактана түштү.

– Эч нерсе эмес, ылайыгы келсе жарыялайбыз. Азыр таштап кет. Адегенде караштырып көрөлү - дедим. Ал мени бир карап алып, желкесин кашылап койду. Дагы бир нерсе айтайын дедиби ким билет. Өңү саал сумсайыңкы тарта түштү. Дароо эле болбойт же болот деген жоопту угам деген көксөөсү сууп турду. Мен абалды түшүндүргөндөн кийин анын жүзү күлмүңдөй түштү.

– Анда качан кабар алсам болот - деди ал ынтызарлык менен. – Биз өзүбүз билдиребиз. Ага чейин кам санаба – дедим. Анын адресин тактап, аты жөнүн билгенден кийин ал биз менен коштошуп чыгып кетти. Күндөлүк иштерге, олуттуу маселелерге байланышкан материалдарды даярдоо менен жүрө берип, качанкы катка эми кайрылып отурам. Ортодон бир далай убакыт өтүп кетти. Ал эми Бектай күн сайын жооп күтүп, эки көзү төрт болгон чыгаар? Убакыт бар болгонуна байланыштуу дептерди кунт коюп карап чыктым. Бектайдын балалык кыялына, эргүүсүнө көз жиберип отурам. Дептердин ар бир барагы анын тилеги, көз карашы деп туюп жаттым. Мына ушул эскилиги жете түшкөн дептерде анын бир аңгемеси бар экен. Мен ошону сиздердин назарыңыздарга салып көрүүнү ылайык деп таптым. Бирок, Бектай ага эч кандай тема койбоптур.

Мен болсо, көп ойлонуп отурбай аңгеменин темасын "Чоочун бала" деп атоону ылайык көрүп, ошентип жазып койдум.

...Биздин класска бир бала келди. Адегенде ага эч ким көңүл бурбады. Ар кимибиз өзүбүз менен өзүбүз алекпиз. Коңгуроо болсо эле сыртка чыгууга ашыгабыз. Анан ар ким каалаган оюнун ойнойт. Анын үстүнө жаз келип, айлана көрктүү эле. Бизге жакын эле жерге гүлдөр жайнап чыгып, кичине шамал жортсо, жыты аңкып келип турат. Гүлдердүн, жерден жаңы көтөрүлгөн көктүн жыты кандай жагымдуу. Кээде танапис убагынан пайдаланып, обочороок жерде көк чөптүн үстүндө алышып, күрөшүп ооналактайбыз. Жаздын демине ырахаттанып, жыргап эле калабыз. Кээде топ качмай, жолук таштамай ойносок, кээде күндүн жагымдуу илебине мемиреп, өз ара сүйлөшүп турганды жакшы көрчүбүз. Айрым учурда болсо, нарыбери караманча басып жүрүп күн өткөрчүбүз. Класска да бир нерседен кур калчуудай жөөлөшүп атып киребиз. Муну көрүп, мектептин техничка аялынын да ачуусу келет. Деги бир биз үчүн жөн жүрүүгө мүмкүндүк жок. Биз жакта жаз жагымдуу. Жаз келери менен биз жакка ууруган-чууруган адамдар биринин артынан бири келет. Булар кышта кайда жүрөт деген ойго келесиң? Алардын ар бири менен сүйлөшө келсең сөзсүз эле биз жактагылардын биреөнө бөлө же жээни болуп чыга келет.

Биздин шартка чоочун бала көнбөй жүрдү. Ал сыртка дагы бизге окшоп көп чыкчу эмес. Танапис учурунда дагы китеп окуп же бирдемелерди жазып отурганы отурган. Сабакты дагы жакшы билчүү. Агайлардын баары ошол баланы мактап, болоор болбос суроого жооп бере албасак "Сүйүнбаев сен жооп бер-

чи?" - дешип, чоочун баладан биз билбегенди сурашат. Ал эч качан сабакты билип турса дагы билем деп кол көтөрчүү эмес. Кайсы учурда болбосун жообу даяр. А биз болсо кичине эле сабактан биле турган болсок, бирибизден-бирибиз етүп кол көтөрүп, мугалимдин шаштысын алабыз. Мындай учурда мугалим сабак сурамак турсун бизди тынчтандырууга жандалбас кылат. Бара-бара чоочун бала менен тааныш боло баштадык. Аты Суранчы экен. Мүнөзү баягы биз көргөндөй. Өзгерүү жок. Айрым учурда абдан эле ойлуу тартып кетип жүрдү. Узакка терезе жакты карап отура берчүү. Андай учурда биздин уу-чуубуз да аны алаксыта ала турган кудрети жок эле. Бара-бара Суранчы экеөбүздүн мамилебиз жакшы боло баштады. Танапис учурунда сыртка чыгып, балдардын ызы-чуусунан оолактап, ар нерселер жөнүндө божурашып, сүйлөшөбүз. Кызыктуу окуяларды айтып отуруп, сабакка да кечигип кирип калган күндөр болду. Күн өткөн сайын ынак боло баштадык. Биздин мындай мамилебиз бардыгын суктантчуу болду. Эми биз сабакка да чогуу даярдана турган болдук.

Биздин үй мектепке жакын эле. Бир жолу Суранчы кыйылганына карабай үйгө ээрчитип келдим. Үйгө келген сайын тартынчыктап атып, ичкери араң кирет. Чайды (оокат болуп калса) араң бир эки куюм ичип, "курсагым ток эле" деп башка ичпейт. Суранчынын ушунчалык уялчаактыгы, тартынчаактыгы биздин үйдөгүлөрдү да таң калтырып жүрдү. Сабакка даярданганда экөөбүз тең үй тапшырманы окуп чыгып, анан кезеги менен бири-бирибизге айтып бере баштайбыз.

Мындайда бирибиз билбей калган жерди экинчибиз айтып, теманы толук билип алабыз. Эсепти дагы ушундай эле жол менен чыгарабыз. Класста орточо

деген мен дагы эми мактоого алына баштадым. Бирок мен бир нерсеге таң калып жүрдүм. Суранчы биздикине узакка отура алчуу эмес. - Үйгө барбасам болбойт. Үйдө мени апам күтүп аткан чыгаар. Дагы бир топ сөздердү бадыратып айтып, китептерин көтөрүп сыртка жөнөйт.

–Сабак даярдалып бүттү. Эми экөөбүз футбол тээп ойнойбуз деген тилегим суу сепкендей өчүп, эмне айтаарымды билбей ордумда үн сөзсүз жок тура берем. Китеп колтуктап, ашыга басып бараткан Суранчыны карап туруп "Деги ак көңүл бала" деп айтып жибергеними езүм дагы сезбей калам. Тартынчаак, уяң мүнөз Суранчыны эстеп алып, анан эртеңки күнү аны менен бирге отуруп, бирге сабак даярдаарымды ойлоп, көңүлүмдү кандайдыр жылуулук аралайт.

Кайсы күн экенин эсимде жок. Мезгил күзгө барып калса керек эле.

Майрамга карата мектепте концерт даярдалып жаткан. Суранчы экөөбүз пьесалардан үзүндү аткарууга катыштык. Күндөгүгө караганда бүгүнкү репетиция узагыраак болду. Анткени дагы бир эки күндөн кийин концерт коймокпуз. Репетициядан кеч чыктык. Суранчы негедир токтой калып - Бекиш, - деди ал (мени ушинтип атачу) жүр, биздин үйгө. Сабакты чогуу даярдайбыз. Мен алардын үйүнө такыр эле бара электиктен анчейин көңүлүм тарта бербеди. Бирок Суранчы көшөрүп болбой туруп алды. Акыры мейли, - дедим. Анан экөөбүз ээрчишип, Суранчылардыкына жөнөдүк. Алардын үйү кыштактын четирээк жеринде жайгашкан болчу. Суранчынын атасы совхоздо инженер болуп иштээрин кийин билдим. Апасы иштечү эмес. Аны муну айтып отуруп алардын үйүнүн жанына жете келдик. Аңгыча эшик алдынан Суранчынын апа-

сы көрүндү. Алдыраакта басып бараткан Суранчы апасын карап алып, кадамдары секиндей түштү. Көздөрү аландай түшкөнүн байкап калдым. Аңгыча суурдун үнүндөй чаркылдаган апасынын үнү чыкты. - Жер жутуп каякта жүрөсүң каракчы?! Өлүгүңдү көрөйүн сенделген! Заарканып кирди апасы. Анын оозунан ак ит кирип, кара ит чыгып атты. Өңү кумсарып, жаак эттери дирилдеп, эби келсе Суранчыны жеп алчудай жинденип кирди. Мен ушул саамда Суранчыдан беш бетер эмне дээримди билбей ордумда каттым да турдум. Мынчалык заар аялды биринчи жолу көргөнгө чынын айтсам үрөйүм учту.

– Мектепте репетиция болуп, келишибиз ушул болду апа, – деди Суранчы башын шылкыйтып.

– Жаныңды жебе! Сенделип көчөдө ойноп, курсагың ачканда келген чыгаарсың? Мени билбейт дейсиңби. Дагы жалгыз жүрсө жүрөгү түшүп кала тургансып, коштоочусу менен келиптир... Суранчы ордунан кыймылдай албай, каткан бойдон турду. Анын салбырап, бир катуу айып иш кылып койгондой болгон кейпин көрүп боорум ооруду. Жинденген апасы дагы эле токтоочудай түрү жок.

– Айтып коеюн – бир грамм нан бербейм. Мага десең ачка өлүп кал! Кеенүм айт күнкүдөй. Же, жан күйөөрүң болсо, ошонукуна кирип ал!

Ал бир оокумда атырылып келип, Суранчынын колтугундагы китебин сууруп алып, туш келди ыргытты.

– Жогол, көзүмө көрүнбө! Ушул үйдүн босогосун аттачу болбо! Чачылган китептерди Суранчы этияттык менен алып, жыйнай баштады. Айрылганы айрылды. – Көрсөң мунун жаны бекем. Өлүп дагы тынбайт. Суранчы сөөккө жеткен сөздөрдүн астында алсыз турду. Эмне демек, эмне кылсаң ошону кыл, көтөрбөскө айла

барбы дегенчелик абалда үңкүйүп турган Суранчынын кебетеси аянычтуу эле. Мен уу сөздүн баарын угууга чамам жетпеди. Үйдү көздөй бурулуп жөнөдүм. Арага түшүп, айтып дээрге сөзүм калбады. Себеби менин дагы үрөйүм учуп, эмне кылаарымы билбей калдым. Бир топ узагандан кийин артыма бурулуп карай берип, жер чукулап там түбүндө отурган Суранчыны көрдүм. Ал мүмкүн ошол саам ыйлап жаткан чыгаар. Бирок кандай абалда экенин биле албадым. Анын тартынчаак мүнөзүн эстеп, аны көпкө чейин аяп карап турдум. Бирок ал жерден башын көтөргөн жок. Ошондон кийин Суранчы биз менен келип окуган жок. Баягы окуядан кийин кандайдыр бир поездге түшүп, Жалал-Абад тарапты көздөй кетиптир. Суранчынын апасы өгөй экенин кийин билдик. Алда байкуш Суранчы ай! Бир да жолу бизге апасы тууралуу сөз айтпаганын кара. Биз анын жакшынакай мүнөзү жөнүндө көпкө чейин айтып жүрдүк. Ошондогу Суранчынын тагдыры дайыма мени терең ойго салат. Акырында ошол жөнүндө ушул баянымды жаздым. Эгерде ушуну окуп калса, көңүлү көтөрүлүп, мени да эстеп калаар. Аны менен дагы бир жолу жолугуп, сырдашып, чер жазсак кандай сонун болоор эле! Тилекке каршы андай боло бербейт экен. Кошо иштеп, кошо жүргөн менен адамдарда ар кандай тагдырлар бар экенин кээде биле бербейт экенбиз. Азыр кайда жүрөт болдуң экен Суранчы?!

БЕКТАЙ.

Мына окурман! Бектайдын аңгемесинин соңуна чыктык.

# *БАЛАПАН*

Самидин жылкычы жайытта жүрүп, бактектин балапанын таап алды. Балапан сары түктөрү түшүп, темир канат болуп калган экен. Самидин суу болуп шүмтүрөп турган балапанды аяр кармап, койнуна салды.

– Ата байкуш, өлүп кала жаздаган турбайсыңбы? Ал дагы көп сөздөрдү күбүрөп айтты. Балапан дененин ысык табына ыктап, кыймылдабай жатты.

– Мыкыш!, – деди Самидин кирбей сырттан туруп үн салды. Атасынын үнүн уккан Мыкыш үйдөн чуркап чыкты.

– Ме балам, мынабу балапан жаанда калып, өлөйүн деп калыптыр. Жанатан бери койнума салып жүрүп, адам кылып койдум. Балапан деген сөздү укканда Мыкыштын жүрөгү алып учту. Чуркап жетип, атасынын колунан балапанды ала койду. Жүндөрү кургайын деп калыптыр. Ал балапанды жонунан, мойну башынан сылап жатты. Үшүп кеттиби дегенчелик кылып, көйнөктүн ичинен жылаңач этине катты. Балапандын муздак жүндөрү денесине тийгенде ичиркенип кетти.

Күндө шашкеге чейин уктап жатчу Мыкыш жок. Эрте турат. Турары менен балапанды карайт. Ал дагы ээсин тааныгандай, "чый-чый" деп ичке үнү менен добуш салат. Курсагы ачкан экен деп Мыкыш балапанына жем бере баштайт. Көбүнчө жем катары долонунун ашын берет. Чегиртке кармап келет. Чоңоё баштаганда буудайдын адырасынан да берип жүрдү. Кийин барып, балапан буудайдын езүн да жей турган болду. Башта ордунан жылбай жатчу балапан эми боз үйдүн аяк быягына жорголоп, кээде өзүнчө жем издеп жер чокулап калды. Балапанынын кылык-жоругу-



КОК-ЯНГАКСКАЯ 7
сельская библиотека

на Мыкыш аябай кубанып жүрдү. Кийинки күндөрү учуп да калды. Мыкыш керегенин башына түнөө жасады. Балапан эми ошого түнөөчү болду.

– Балам, сага мынчалык түйшүк түштү. Жемин таап жегенге жарап калды, учуруп жиберсеңчи – деген апасынын сөзүнө.

– Саал чоңоё түшсүн апа, анан учуруп жиберем. Мүмкүн туугандарын табаар – деп Мыкыш болбой жүрдү. Күндөр өттү. Окуу башталды. Мыкыш эми эрте туруп, балапанга жем берип, анан апасына табыштап, мектебине кетет.

Бир күнү чөл тарапта жашаган апасынын тууганы келип калды. Баласын ээрчитип келиптир. Ал бала да Мыкыш менен төң курлуу экен. Аты Кашкар. Ал балапанды көрүп, шилекейи аккыдай болду. Бир эки урдай кармап да ийди. Атасы менен Мыкыш желе жакка кеткенде, жорголоп жүргөн балапанды кармайм деп Кашкар анын артынан женөдү. Балапан катуу жөргөлөдү. Бирок учкан жок. Кашкар карагандын жерден чыгып турган тамырына чалынып, куду балапанды басып жыгылды. Катуу жыгылган Кашкар тизесин ушалап, жерден араң өөдө болду. Бети башы, кийимдери боз ала чаң болгон. Кашкар адегенде өлгөн балапанды байкаган жок. Ооруган жерлери кичине басаңдай түшкөндө ал балапанды эстей калып, алдында кыймылсыз жаткан балапанды чаңдын арасынан ала койду. Бирок ал өлүп калган болчу. Кашкар көзү жумулуп, оозунан каны чыккан балапанды унчукпай карады. Анан элеңдей эки жагын карай берип, кулун салып, бээ саадырып жаткан Мыкышты көрдү. Ого бетер корко баштады. Эми эмне кылуу керек? Кашкардын оюна ушул келди. Өлгөн балапанды ал дароо чөптөрдүн арасына ыргытып жиберди.

Аны эч ким байкаган жок. Кеч кирип эл орунга отурарда Мыкыш балапанын издей баштады. Бирок аны таба албады. Кашкардан сурады. Ал дагы ийнин куушуруп, билбейм деген белгини бөрди. Ошентип, үй ичи балапан табылбасына көзү жеткенден кийин жатууга камынышты. Кашкар өз күнөөсүн сезип, көзүне койкоңдоп баскан бактектин балапаны тартыла берип, көпке чейин уктай албады.

Эртеси Мыкыш эрте туруп, балапанын издей баштады. Карабаган жери калбады. Аңгыча торпок байлап жүргөн апасы кыйкырды.

– Мыкыш, тетиги караганда бир нерсе тургансыйт – деди. Мыкыш жетип барып караса, канаты карагандын бутагына илинип, өлүп жаткан балапанды көрдү. Ал өз көзүнө өзү ишенбей катып туруп калды ким кылды? Ким минтти? Мыкыш эки жагын карады. Жини кайнап кетти, колундагы өлгөн балапанды карады.

– Учуруп жиберсем болмок, апам айтканда эле... Көзүнөн жаш чыгып кеткенин Мыкыш байкабай калды. Жанына жетип келген Кашкарды да байкаган жок.

– Мыкыш мен байкабай эле. Кашкар жер карады. Мыкыш унчуккан жок. Балапанды карап тура берди. "Сен кара сааттай болуп кайдан жетип келдиң эле" ушул сөз Мыкыштын сезиминде улам кайталанып, Кашкарды жаман көрүп кетти.

Мыкыш Көк жонду аны үстү менен ашып учуп бараткан келгин куштардын кетип баратканын көрүп, ошолордун сабында ушул балапандын жоктугун эстеп, көзүнен жаш кылгырды. Ал эч жакты, ал турсун Кашкарды да карабай үйүн кездөй басты...

якты тапты. Четирээк жерде көмкөрүлүп жатыптыр. Асылбү итаякты ала коюп, кыбыраган караандан коркуп кетти. Өзүн токтотуп туруп караса, чолок жөжө экен. Жаны кыбырап, араң эле калыптыр. Иттин тамагын куюп берип, жөжөнү ичкери алып кирип, жылуу жерге койду.

– Кызым, – деди ал үйгө киргенден кийин Айнурга карап, – жөжөнү итаякка ким бастырып койгон - деп сурады. Айнур апасынан коркуп, өзү кылган ишти айткан жок.

– Анда ким кылды, үйдө сен эле калгансыңго? Апасынын ачуусу келди. Айнур бир топко чейин унчукпай турду.

–Анда сен билбесең, жөжөнүн өзүнөн сурап билейин, ал ким жасаганын айтат – деди Асылбү кызын коркутмакка. Айнур болгон ишти өзү эле айта салууну чечти.

– Жөжө үшүп калды окшойт – деп Айбек экөөбүз итаякты жөжөгө жаап койгонбуз – деди. Муну угуп, апасынын жини келсе, бир күлкүсү келди.

## ЖАЙЛООДО

Эмилбек чоң энесине таң калат. Чоң энеси тоодо жашайт. Ал жакка Эмилбек эс тарткандан бери бара элек. Эки-үч жыл удаасы менен жайкы каникулда пионер лагерине барды. Быйылкы каникулда апасы кеселдеп, ооруканада жатып, өзү инилерин карады. Атасы иште, колу бошобойт. Тоону өз көзү менен көрө элек кинолордон, сүрөттөрдөн, же болбосо, атасынын айтып берүүсү боюнча гана элестетет. Чоң энеси келип, кетип турат. Баарынан Эмилбектин күлкүсүн келтире турган жери, келсе эле:

– Кой кетейин. Мал кантти экен? Тиги торпудагы чөп ташылмак эле. Эсен өзү жалгыз. Кыйналып калбасын кол кабыш кылбай - деп оңдуу турбай жолго түшөт. Бул учурда Эмилбек чоң энесин аягансып калган болот. Жанында узакка болгусу келет. Чоң энесин ээрчитип шаарды көрсөтүп келгиси келет. Канткен менен чоң энеси жакшы адам. Келген сайын кур келбейт. Куржун толтура белек-бечкек алып келет. Анда сары май, курут, эт, каймак, дандырга бышкан жайдары нан менен боорсок боло турган. Айылдын белегинен үй ичи капшыттары чыккыча тоё жеп, жыргап калышчу. Айрыкча иниси Замирбекке жыргал болот. Бир колуна жилик, бир колуна боорсок кармап, кайсы бирин жээрине чамасы келбей калат. Бети башынын май болбогон жери калбайт. Ошентсе дагы эки ууртун чулчуйтуп, али эт, али боорсок жеш менен алек. Чоң энеси алып келген тамактар Эмилбекке өзгөчө даамдуу сезилчү. Өткөн жолу шашып келип, шашып кеткен боюнча чоң энеси келе элек. Жазга да аз калды. Күн жылып, карлар эрип, чоң энеси тарапка баруучу жол да ачылат. Анан ал жакка машиналар барат. – Ошондо чоң энем келет – дейт кубанып Эмилбек.

– Кызык, – дейт Эмилбек - чоң энем тоону эмне мынчалык жакшы көрөт болду экен? Баары бир атасы айткан сөз кулагынан кетпейт.

– Тоодо эл аз. Тай чабым жерде төрттөн-бештен үй. Электр жарыгы деген ал жакта жок. Адамдар да ошого көнүшкөн. Асма чырак пайдаланышат. Эмнесине кызыгышат билбейм. Ылдыйлап көчүп келишсе бир дурусураак жашашмак. Апама, үйгө келип алың деп канча айттым кенбөдү.

-Көнүп калган жерим. Тим койчу балам. Азырынча күүлүү-күчтүүмүн - дейт. Ушуларды айтып, атасы далай наалып алган.

Акырындап, күн жылымдап, баягы үйүлүп турган карлар эрип, жок болуп жер бетине биринен сала бири ашыгып, көк кылайды. Тал-теректер бүчүр байлап, козу-улактар көккө тоюп, даң салышты. Жаз шаанисин жар салышкан түркүн куш мукам үндөрүн безеп, сайрашты. Көк жамынган айлана жаз мээримине бой тосуп магдырады. Жаз келгенден быягына Эмилбек ичинен кубанып коюп жүрдү. Бир күнү болбосо, бир күнү чоң энеси келет.

Окуу жайы аяктап калган учур. Ошол учурда чоң энеси келип калды. Көтөргөн куржуну бар. Чоң энени биринчи болуп алдынан утурлай чуркаган Эмилбек анан Замирбек болду. Биринчи болуп жеткен Эмилбекти чоң энеси куржунун жерге коё салып, кучактай калды.

– Садагаң болоюн сарым, – деп эки бетинен чопулдатып өөп, чоң энеси неберелерине жалынып жалбарды. Андан кийин Замирбекти беттен сүйүп эркелетип, жетинбеди чоң эне.

– Сагындыңарбы – деди чоң эне неберелерине мээримдүү карап.

– Аябай сагындым чоң эне. Кепке чейин келбей койдуңуз го - деди Эмилбек эркелеп.

– Кайдан келгидей болом, кагылайын чүрпөлөрүм. Быйыл кар көп түштү. Эч жакка баса алгыдай болбодук. Мал деген бар. Ошолор менен алекпиз. Биз жака жол эми ачылды. Мындан ары силерди сагынтпай тез-тез келип турам - деди чоң эне.

Ошентип Эмилбек күткөн күн да, эң кымбат адамы чоң энеси да келди. Антип-минткиче убакыт өтүп, чоң энеси кетүүгө камына баштады. Эмилбек тоого баруу жөнүндөгү оюн чоң энесине айтты. – Муну угуп, чоң эне кубанып кетти.

– Жакшы болот кулунум. Мен ала кетем. Эне не-

бересине сүйкүмдүү жүз бакты. Эмилбектин бул оюн кечки тамакта чоң эне уулуна айтты.

– Мейли. Быйылкы каникулун тоодо өткөрүп келсин – дешти баласы менен келини да бул ойду эп көрүштү.

Эртеси чоң эне менен небере үрүң-бараңда жолго чыгышып, жайлоого малчыларга бараткан машинага отуруп, жөнөп кетишти. Жайлоо алыс экен. Чоң шашке болуп калганда жайлоого жетишти. Адегенде эле авасы Эсенди Эмилбек көрөөрү менен тааныды. Эсен да буларды утурлай басты. Ал Эмилбекти жакшы маанайда кабыл алып, бетинен сүйдү. Эмилбек авасынын балдары менен жылуу учурашып, боз үйгө кирди. Боз үй сыртынан кичине көрүнгөнү менен ичи кенен экен. Адеп киргенде Эмилбектин мурдун жагымдуу жыт өрдөй берди. Бул кымыз менен айрандын аралашкан жыты болчу. Ал эми май, боорсокко аябай тойду. Кымызды ачырканып анча иче албады.

Тез эле жайлоого көнүп кетти. Шаардагыдай уктап жата бербейт. Эрте ойгонот. Бул жердегилер таң менен кошо ойгонушат экен.

Адегенде бул көрүнүш Эмилбекке жага бербеген. Эрте туруп, авасынын койлорун жайытка айдашат. Жайыттан жылкы айдап келгенди үйрөндү. Кулундарды кармашат. Тоолорго чыгып гүл терди, кымыздык менен чүкүрүнү жеди. Салкын, таза абадан кере-кере дем алды. Өзөндүн тунук суусуна чабак урду. Эмилбек ыракатты эми көргөндөй бир жыргады. Койлордун, жылкылардын көбүн таанып, жайыттарды да билип калды. Койлорго "чунак кулак", "сынык мүйүз", "үрпөк баш", "чарс кой", "качанаак" - деп ат коюп алган. Эмилбектин сергек, мал жандуулугуна авасы Эсен да ичинен ыраазы болду. Көбүнчө ат минип, чаап жүргөндү

жакшы көрдү. Авасынын буурулу күлүк экен. Атты чапканда, Эмилбек көктө сызып бараткандай сезет өзүн. Улак чабышта жалына улак ашканын билген буурул топтон суурулат да эч бир атты караандатпайт.

– Ат болбосоң коё кал! - дешип тамшанышчу тургандар.

Айрыкча жайлоонун түнүндөй сулуу түндү эч качан, эч жерден көргөн эмес. Тим эле ажайып. Тыптынч мемиреген түн. Анын койнунда баладай уктап жаткан тоолор. Ар дайым жайлоонун тынчтыгын коргоп, бейпилдиктин бешигин терметип жаткан сыяктуу көктөгү жылдыздар жерге нурун чачышат. Анда-мында чүчкүрүп же жөткүрүп койгон койлор болбосо, короодогу койлор жуушап, тынч. Жада калса, Тайбас дагы тумшугун койнуна катып, кызуу уйкуда. Ушул саамда чаалыккан жер да бүт денесин жайып жиберип, көшүлүп уйкунун кучагында жаткан сыяктанчу. Чыгыштан соккон сыдырым жел көкүлүнөн аймалап, таттуу уйкуга кантип киргенин билбей калчу. Келген учурларда оңдуу оокат иче албай жүрдү.

– Олда балам ай, бир ичеги болуп калган турбайсыңбы. Ушул оокат ичишиң менен сенде кайсы ал болмок – деп чоң энеси кейиген.

– Кеп эле жесең, тим эле эки кулагыңан күн көрүнөт. Арыктап кетсең жарабас, – дешип чоң эне менен Нурпия чоң апасы (Эсендин зайыбы) Эмилбектин ой боюна коюшпайт. Акыры барып, ичтейи ачылып, Эмилбек тамакты тойгуча жей турган болду. Бир учурдагы эки кулагы делдейген, купкуу бала эми кызыл жүздүү болуп, беттери туурулуп кеткен. Ага жайлоо жагып, шаар эсинен чыга баштады. Бир күнү Эмилбек өз оюн чоң энеси менен авасына айтты.

– Мен ушул жакта калып окуюн дедим эле.

– Үйдөгүлөрүң эмне дейт. Кокус капаланып жүрүшпөсүн – деди Эсен авасы.

– Эч нерсе дешпейт. Жообун өзүм берем. Окуй бер каралдым – деп чоң энеси бир алдын кубанып, бир алдын чечкиндүү сүйлөдү. Арадан көп өтпөй Эмилбек үйүнө кат жазып, өгүнчөреөктө ылдыйдан келген сүретчүгө түшкөн сүрөтүн кошо салып жиберди.

... Жумуштан келген Сапаров эми эле кийимин алмаштырып отурган. Аңгыча эшиктен колуктусу Азиза кирип келди.

– Эмилтайдан кат келген көрүнет. Катты ачып жатып, Азиза күйөөсүнө кубанычтуу жүз бакты. Конверттин ичиндеги сүрөттү алган аялы:

– Ай абышка, Эмилтай сүрөтүн салып жибериптир, карачы? Сүрөткө үңүлгөн Сапаров:

– О, мурдуң урайын, биротоло эле тоолук бала болуп калыптыр. Ал беттери туурулган кызыл жүздүү, кетирекей мурун баласын көпкө элжиреп карап турду.

– Катты окуп жиберчи! Ал аялына буюра сүйлөдү.

– Ата, апа тынчсыздарбы. Инилерим ойноп-күлүп жүрүшөбү? Биз жакта баары жакшы. Сиздерге саламдарын айтышты. Мен болсо, тоого калып калдым. Өзүм билемдигим үчүн, мени кечиргиле.

Уулуңар Эмилбек.

Азиза күйөөсүнө карады. Сапаров унчуккан жок. Анан бир аздан кийин.

– Окуса окусун. Тоонун шартын да үйренгени оң - деди Сапаров.

– Ой тентек десе. Мен аны мындай тыянакка келет деген эмес элем - деди Азиза. Анан экөө сүрөттү карап аргасыз күлүштү.

## *АКЫРКЫ ИРМЕМДЕР...*

Эне обдулуп туруугa аракет кылды. Шайы келбеди. Жаздыкка башын койду. Оор үшкүрүнүп алды. Ал ажалдын кычырата кармаган чеңгелинде калганын даана сезди. Кайра эле небересин эстеди. Сырттан бирөө үйгө кирди. Андан сурады – Зарылбек келдиби? – деди, – жок – деп жооп берип, тиги сыртка чыгып кетти. Эненин жан дүйнөсү шалдырап бошой түшкөнсүдү.

– Эмне болду? Менин ооруп жатканымы укпады бекен Зарылбегим... Эне оодарылып жатты.

– Бир көрүп елсем мейли эле эне ушинтип шыбырады. – Келип калаар, жолдо келаткандыр...

– Эшиктен кызы кирди. Эне кызы экенин туйду. –

– Зарылбек көрүнбөйбү?

– Жок керүнбөйт, келбейт аның - деди кызы апасынын суроосун жактырбай. Эне унчукпады. Бир топтон кийин ал кызын чакырды.

– Арапат жакын келчи деди. Кызы келди. Эненин деми кысылып, азыр эле жаны чыгып кетчүүдөй болуп, энтигип дем алып жатты. Кызы оору апасын багып, кыйла эле оору багуудан жадап калган.

– Апа, эмне дейсиң? - көңүлсүз сурады. Бир кыйлада барып, эненин үнү билинип, билинбей чыкты.

– Мен өлгөндө сөөгүмү, чалым менен уулумун мүрзесүнүн жанына койсоңор жакшы болот эле. Зарылбегим келип калса, ушул керээзди айтып калат элем. Эне башка үн катпады. Эненин көзү шыпты карап тигилди. Эне айткан жерге сөөктү алып барыш оңой эмес болчу. Кызы унчукпады. - Оюна келгенин айтты - деп ойлоп, кызы тим болду. Кийин күйөөсүнө айтты эле:

– Кемпирди багып атам, туугандарынан кимиси карап койду, же сурап койду?! Дагы мен тоо тоолоп атка сөөктү өңөрүп алып, чалы менен баласынын жанына көмөт имишмин... деп корсулдады. Арапат айтаарын айтып, таш тийгендей болду.

– Көзүм жумула электе, Зарылым келип калса экен, көзүн көрсөм, арманым жок эле. Үмүтүн үзбөй, небересин келет деп күттү. Жалгыз уулунан калган туяк. Баласы каза болгондон кийин энени келини үйгө батырбай кууп чыккан, күйөө баласыныкында жашап калды. Тагдырым ушундай болот деп эне түк оюна алган эмес. Кудай айткандай болуп, чалы менен уулунан ажырап, күйөө баланын көзүн карап калды. Эне үшкүрүнүп алды. Зарылбекти келини такыр жибербей койгон. Ошол тарапка баргысы келчү. Бара албады. Каттагандардан дайым сурачу:

– Зарылбегимди көрдүңөрбү? – деп. Көргөндөрү – көрдүк – дешчү. Көрбөгөндөрү баштарын чайкап, тим болушчу.

Эшик ачылып, бирөө кирди. Эненин жүрөгү туйлап кетти:

– Зарылбек, ошол балам, өзү...Тиги кирген идишаякты калдыратып, сыртка көтөрүп чыгып кетти. Эненин үмүтү өчө түштү.

– Келип калса керек каралдым... Эненин сүйлөөсү кыйындай баштады. Ал небересин келет деп жашоонун эң акыркы мүнөттөрүнө чейин күттү. Эне жөөлүп, сөздөрү түшүнүксүз боло баштады.

– Зар, Зайым – деди акыркы жолу эне. Жаны чыкты. Кызы ээгин таңды.

– Эненин сөөгүндө айтылбаган, жазылбаган сагы-

ныч калып кетти. Ал небересине болгон кусалык болчу. Небереден бир ууч топурак күткен эне. Көрүстөнде жаңы пайда болгон үйүлгөн боз топуракка бир ууч топурак салынбай калды...

## ЖҮГӨРҮ МЕНЕН ЧЫРМООК

Айлана жашыл нур жамынып, канааттуулардын түркүн үндөрү делебени козгоп, жайдын башталышын саймедереп жаткандай. Жерден өнүп чыккан жүгөрү айланага суктанып, өзүнчө ырахаттанат.

Жүгөрү (өзүнчө) ой, ий, айлана кандай кооз, карасаң көзүң тойбойт. Тигинде гүл, тигинде жашыл чөптөр, көк асман анан мени сергитип, мени сеңселткен аба! Кандай жыргал!

Күн сайын жүгөрү бой көтөрүп, өсө баштайт жанындагы чөптөр дагы ага суктана карашат. Жүгөрү ансайын желге бой ыргап, талаага көрк кошот. Жүгөрү үчүн шаттуу күндөрдүн биринде ага жакыныраак жерден кылайып баш баккан бир чөп, жүгөрүгө минтип кайрылат. Ал чырмоок эле.

Чырмоок (жүгөрүгө карап) ай эжеке, кандай гана сулуусуз, боюңузду карап, кезүм тайгылат. Мен дагы сиздей болсом деп...

Жүгөрү (чочуп) сен кимсиң? Сени көргөн эмес экемин?

Чырмоок – көргөнү го көрген жоксуз. Жерден эми чыгып келе жатпаймынбы. Сиздейге жанашып ессөм дегемин.

Жүгөрү (таң калып) буга чейин эмне кылып жүрдүң, мурда эле чыксаң мага окшоп чоңоюп калат элең да?

Чырмоок (анткорсуп) эже, аны бир айтасызбы, эки

айтасызбы, мен эле жер алдында тумчугуп жатканды жакшы көрөт дейсизби, айла жоктун ишинен.

Жүгөрү (чырмоокко боору ооруп, ага карап баш иет) а байкуш кыйналганың түрүңөн байкалгансыйт.

Чырмоок (көзүн жашылдантып) абалымды билген сиздей жан болсо, жаным курман эмеспи. Аны ким билет (көзүнүн жашын аарчыйт).

Жүгөрү жерден өөдө боло албай жаткан абалың өзөгүмү өрттөдү. Атың ким?

Чырмоок (ойлонуп) атым ким болот эле, жерден эми чыгып келатсам. Сиз дагы кызык суроо берип койдуңуз да?

Жүгөрү өзүң жалгыз көрүнөсүң. Сага жан тартар ага-туугандарың жокпу?

Чырмоок (улутунуп) ата-энем, бир туугандарым болсо, ушинтип бечел болуп, бооруму жерден көтөрө албай, сизден жардам сурайт белем.

Жүгөрү жерден бооруңу көтөрүп ал, мен жардам берейин. (жүгөрү чырмоокко кол сунат).

Чырмоок (жүгөрүнүн колун кармап), колуңуз абдан жылуу, жумшак экен. Бул жакшылыгыңызды эки дүйнө унутпайм.

Жүгөрү эч нерсе эмес. Чоңоюп өсүп ал. Анан жакшылыкты кайтарарсың.

Чырмоок (кытмыр күлүп) жакшылык сизден айлансын. (Чырмоок жүгөрүгө илээшип, өсө баштайт).

Чырмоок (жүгөрүгө оролгон сайын) эже, денеңиз жылуу экен. Жаным жыргап атат. Тез эле чоңойсом ээ.

Жүгөрү өсө койаралдым. Адам болсоң мен эле эмес башкаларга да тиер пайдаң.

Чырмоок (жүгөрүнү бекем кысып) болот баары, өсө берейин көрөбүз аны.

– Жүгөрү (деми кысылып) акырын кысчы, дене боюм курушуп кетти.

– Чырмоок (түрүн өзгөртүп) мен сени алдадым. Мен чырмоок деген болом! Билдиңби эми?

Жүгөрү (чочуп) чырмоок!?..

Чырмоок. Ооба, дал өзүмүн. Эми эч жака кете албайсың. Кучагымда жатып куурайсың. (жүгөрү бошонууга аракет кылат). Андан айла болбойт. Чырмоокко жалына баштайт.

Жүгөрү – айтканыңды кылайын, мени коё бер. Жашагым келет. Элге пайдам тийсе дечү элем.

Чырмоок аны менен ишим жок! (Жүгөрүнү ого бетер кысып, түбүнөн башына чейин оролот) жүгерүнүн алы кете баштаганда адам колу пайда болот.

Адам колу чырмооктун күнү туган экен. Булар эптеп илээшип алса, кандай өсүмдүк болсо да кууратат. Карачы, мынабу жүгөрүнүн абалын. Чырмоок оролбогон жери калбаптыр. (Адам колу чырмоокту тамырынан жулуп салат).

Жүгөрү (эсине келип, үшкүрүнөт) ким келди, ким мага боор ооруду? Жөлеп-таяп жерден боорун көтөрүп койгон чырмоок жанымы жай таптыраарда, жаным сактап калган ким, ким ыя?!

Адам колу мен эле (күлүмсүрөйт). Жүгөрү (адамдын колун өөп) ырахмат сага, бизге өмүр алып келген сендей жоомарт колго дайым таазим!

Жүгөрү ошондон бери адам менен дос болуп, адамга азык, малга тоют болуп, кызмат өтөп келатат экен. Ал эми чырмооктой болгон жүзү кара адамдардан алыс бололу!

## Сөйкө

Сөйкөнү үйүндөгүлөр базарга жөнөтүштү.

– Помидор кымбат, үчөө эле үч сом болот – деди агасы Турат.

– Оозуңду ачып отуруп, алдатып жибербе – деди – агасы Кубат.

– Эгер дааналап сатсаң, бирөө эле бир сом –деди апасы Карагат.

– Бышыгыраак болуп, элдин балдарындай шуулдап турсаңар деп атасы Пусурман сөзгө аралашты.

– Соодалашты билип эле калдым. Бул жагынан ойлонбогула – деди Сөйкө челектеги помидорду көтөрүп жөнөп жатып.

– Кыз дурустай эле көрүнөт. Ойдогудай пулдайтко – деди ичтен кымыңдап апасы. Сөйкө жөнөп кетти. Ал кеткенден кийин үйдөгүлөр өздөрүнчө кужулдаша башташты.

– Таак, челеги менен он кийла чыкса, он сом болуп калат экен - деди кетменинин учун ташка коюп ургулап жаткан Пусурман.

– Анда кыйла эле пул болуп калат экен. Эртеңкиге да бир челек үзүп камдап коёт элем – деп сөз улады Карагат.

– Эгер килосу бир сомдон болсо, мен деле сата берсем болот да апа - деди Кубат.

– Кана эми, ушул помидор биз ойлогондой болуп калса, баарыңарга кийим алат элек - деп айтты апасы.

– Кийим-пийимиңди коё тур байбиче, балдарга миңгич алып берсек, жакшы болбойт беле.

Балдар атасынын сөзүн кубаттап кетишти.

Андай болсо, ат минип жыргайт экенбиз –десе Турат.

– Ал ат меники болот экен, акең жыргайт экен - деп Кубат туурадан чыкты.

– Сенден улуу менмин, ат меники болуш керек - деди Турат.

– Ат меники, анткени кичүүмүн.

Ат дагы, үй дагы меники – деди. Кубаттын сөзүнө кызаңдаган Турат.

-Ай бечара, башыңы ташка кой, баары бир ат меники!

– Меники!

– Меники!

Бир маалда коюша кеткен эки баласын араң ажыраткан Пусурман:

– Эй келесоолор, жок атты талашып, мине жинди болуп атасыңарбы?! Деги силерге качан акыл кирет? О кысталактар!

– Дабдырлар десе, аты жыты жок нерсени талашып.. Карагат уулдарына жини келди.

Эки бала эки жерде отуруп алып, бир-бирине кыжынып жатты.

– Сени шашпа, атамдар жок кезде сазайыңды берем...

– Кыйынсыңбы? Акырая тиктеди Кубат агасы Туратка.

– Ой иттер, болбодубу эми? Же, экөөңү эки жерге жаткыза чабайынбы! Чындап ачуусу келген Пусурман балдарына жүткүндү.

– Экөөнү эки жерге сулайта чапсаң, жаның тынат да калат – деп Карагат кепти чойду.

– Ой, сага эмне, отурбайсыңбы, ал менин ишим, атасымын!

– Ий бечара, атасы экениңи эми билип атпайсыңбы! Башынан катуу болсоң болмок, эми корсулдабай..

– Ата, сенин тилиң барбы, чыланган уу.

– Шордуум, тили ширинин таппай шоруң катып, шелпейгениң ушул турбайбы?

Пусурмандын ачуусу келе баштады.

– Шелпейбей эле сага окшогон акмакка ошондой көрүнүп атсам керек!

– Бечарам ий, оозуңа карап сүйлө, сага окшогон акмакты адам кылам деп жүрүп, өмүрүм кор болду.

– Пусурмандын жини көтөрүлүп кетти.

– Урдум сага окшогон акмакты, ушу сен өзүңү адаммын деп турасыңбы?

– И өлүгүңдү керейүн, мени ура турган сенсиңби? Колуңан богум келбейт! Каны дүргүп, өзүн токтото албаган Пусурман аялын оозуна эмне келсе ошону менен ашатып сөгүп атты. Карагат алкым тамыры тартылып не токмоктон, не сөзден коркор түрү жок.

– И бечара алкаш богума куурай сая алат бекенсиң?

– Канчык, тилиңди тарт! Сенин каныңы төгүп, түрмөгө түбөлүк кесилсем да мейли!

– Богума куурай сая албайсың!

Андан көрө кетүңү кысып отура бер! Балдар уруш башталары менен жылып жоголушкан.

-Энаганаңдыскей, сенин ажалың менин колумда! Пусурман уруштун аягына ушул сөз менен чекит койгусу келди. Дене боюнан ачуусу качып, жоошуй баштаган болчу.

– Колуңан бок келбейт!... Ушул сөздү айтты дагы Карагат нары карап басып кетти. Пусурман үйкүйүп, жер чукулап ордунда отура калды, оюнда;

-Бул бетпакты эмне кылсам, өлтүрүп эле койсомбу? Муну ойлогондо селт этип чочуп кетти. "Жаманга теңелип, эмне кереги бар?". Андан көрө кастүмдү

жаш жигит ата-энеси жоктугунан пайдаланып, эки балапанды алып коет. Сырттан учуп кирген ала канаттар уяда балапандардын жоктугун көрүп, чырылдай баш- ташат. Ушунчалык өжөрлүгү кармап, ооруканага кирип чыккандарды башка кезгө тепкилей башташат. Булардын жоругуна таң калган адамдар уяны карашса, уяда балапандар жок болуп чыгат. Тездик менен балапандарды уядан ким алганын териштиргиче, ала канаттардан корккон жаш балдар ичкериден чыга албай калышкан. Балапандарды таап, ордуна койгондон кийин, ала канаттар "чоң муштумдугун" токтотуп, балдарын тамактандырууга киришишкен.

Түз көчө менен аялдамага келатканбыз. Аялдамага жакын калганыбызда бир топ ала канаттардын чырылдашып, үймөлөктөшүп жатканын көрүп, аларга кызыгып, карап туруп калдык.

Алар тегерек тартып, алардын ортосунда араң, араң дем алып жаткан ала канатты көрдүк. Ала канаттар кезеги менен ортодогу ала канатты чокуп тээп жатышты. Ар бири ордунан бир метрдей бийиктен тигини тебишкенин таңыркап карадык. Ала канат эмне күнөө кылды? Кайсы күнөөсү үчүн жазалап атышты? Билеалбадык. Ала канаттар удама-удаа тепкилеп атып тигини өлтүрүштү. Биз болсо, автобус келип калгандыктан, ага чыгып, бала турган жагыбызга жөнөп кеттик. Жазадан улам жан таслим кылган ала канаттын өлүгү эмне болду, бизге табышмак.

## *БАРЧЫНАЙ*

Кенже кызыбыз Барчынай жашы төрттөн бешке баратат. Көп сөздөрдү так айталбайт. Бир күнү, - Барчын сакоо - деп эжелери, акелери айтышса, - мени чакоо дешти - деп мага ыйлап келди. Мен аны сооротуп, тигил жакта да Барчын деген бар. Ошол кыйын сакоо. Ошону айтып жатышат –десем, Барчын сүйүнүп, көздөрү жоодурап калды.

Мен: - Барчын сакоо мышыкты мысык дейт экен, – сен мышык деп айтчы – десем, – мышык – деп Барчынай компоюп калды. Мен айттым, – кызым, сен так айтат турбайсыңбы деп. Ошондон кийин Барчынай - Барчын сакоо мышыкты эмне дейт экен деп сурап калат – мысык дейм.

– Тамашыны эмне экен дейт экен? (тамдын башын айтып жатканы) мен айтайын сакоолонуп, – чамашы - дейт экен дейм. Анда тамашы – дейт, кайра күтүп Барчын дагы сурайт.

– Жөжөнү кантип айтат экен? – Сөжө –дейм мен. Барчын жаркылдап – жөжө – дейт.

Акелери Берди, Ази, эжелери Акылай, Алтынай "Барчын сакоо тигини минтип айтат экен, сен кантип айтасың" – дешип эркелетээри эле Барчынай.

Бала ишенчээк. Айткан сөзүңө көнө берет. Эрмегибиз эле Барчынай.

– Жомок айтып бер - дейт. Эптеп оюман чыгарып, бирдемкелерди айтып берген болом. Көзүн тегерек кылып, берилип учат. Токтоп калсам, анан, и анан - деп калганын чыдамсыз күтөт. Дагы бир кызыгы колумду дүрбү кылып, көзүмө кадап,– тигине жомок ата ат минип, кызы Кучкач ага учкашып, жолго чыгышты - деп койсом, ошондон кийин, – жомокту караңчы, эмне

кылып жатат экен - деп жанымы жай алдырбайт. Мен колуму дүрбү кылып,

– Жомок уктап жатыптыр, жомок үйде жок экен - деп кутулам.

Бир күнү Барчынай Алтыш эжеси менен мектепке ёлкага бармак болуп калды.

– Үшүйсүң, барбай эле кой – десек көнбөйт.

– Колуң үшүйт – десек, эмне дейт.

– Алтыш эжемин кол салгычына колуму салып алам – деди.

Буга да күлдүк. Көрсө колкап деп айтышты билбей, кол салгыч деп айтып, бизди ёлкага барууга көндүргөнүнө күлдүк.

Бир күнү үйүбүзгө Махман деген тууганыбыз келип калды. Үйдө чай ичип, сүйлөшүп отурганбыз. Сырттан Барчын кирип – Махман ава, Ази акем атыңызды кубалап кетти – деп калды. Көрсө, Ази атты минип, чаап кетиптир. Ат чапты деп айтышты билбей, – кубалап кетти - деп Барчын бизди күлдүргөн.

Күндөрдүн бириндe Айдана ишке шашылып, азыраак чай ичип алайын деп атса, Барчын да барып чайга кошулуп калды.

– Кызым, сен коё тур, мен ичип алайын, сен кийин ичээрсиң - десе.

– Ичким келип атса, эмне кылайын – деп Барчын баарыбызды жылмайтты.

Күлүп турган Барчын бир оокумда эле жети сом бергиле – дей баштады.

Ой, аны эмне кыласың - деп сурасак.

– Эжекем алып кел – деген деп болбой доолай баштады. Акча чынында жок эле. Аны муну айтып соорото албайбыз.

– Жети сом бергиле - деп ыйлай баштады.

– Айлык тийсин – дедик, ыйлап атып эмне дейт десең.

– Баарыңардын ичиңер тар экен - деп бизди аргасыз күлдүрсө болобу.

## *АЛБЫРДЫ*

Бириндеп отуруп, көчөгө кеп балдар, кыздар топтолушту. Анан алар өз ара кажылдашып, билгендерин айтып жатышты. Бири күчүгүн, бири мышыгын мактап жатышты. Бирлери кандай иш аткара аларын айтышты. Топ балдардын ичинде сөз тыңшап турган төрт жашар Махабат сезгө аралашты. Ал кичине экенине карабай так сүйлөдү.

– Мен үйдө идиш жууйм. Айнектерди сүртем, пол жууйм. Үйгө чаң буту менен киргениңерди бутуна чаап, кууп чыгам дегенде тургандар күлүп жиберишти. Өзүнүн апыртып ийгенин сезген Махабат оң билеги менен эми көзүн жаба койду. Бети кыпкызыл болуп, албырып чыкты.

## *КИМ ЧОҢ?*

Нурбек жакшы бала. Эч кимден жатыркабайт. Аны бары жакшы көрүшөт. Өзүнчө бирдемелерди кобурап, ойноп берет. Андан атың ким – деп сурашса, Нурик – дейт.

– Канчага чыктың – деп сурап калса, колунун манжаларын көрсөтөт. Демек, бешке чыгыптыр.

– О, адгенде үчкө, анан дароо эле бешке чыгып, тез эле чоңоюп калган турбайсыңбы? – десең мулуңдап, сүйүнүп калат.

– Ким чоң? –десең.

-Мен, анан Имар акем, атам, анан апам, анан атам, анан таэнем, анан таятам, анан анан, байынан мен чоңмун – дейт.



КОК-ЯНГАКСКАЯ 7
городская библиотека

# Уламыштар





# КҮМБӨЗ СЫРЫ

Атчандар белге чыга беришти. Бөт алдыдан утурлай соккон сыдырым жел адамдарды сергиткендей болду. Кыйла ныксырай түшкөндөр салкын желден кере-кере дем алышып, аттардын басыгын катуулатышты. Түзөң менен бир аз жүргөндөн кийин каптал жолго аттардын оозун бурушту. Алдыда бараткан Саадабай жолдон обочо жайгашкан эски көрүстөнгө карай эки колун жаңсады да:



– Тээтиги күмбөздү көрдүңөрбү? - деп калды. Бараткандардын көздөрү тыштагы шыбагы үбөлөнүп, айрым жерлери урап түшкөн эски күмбөзгө кадалды. Күмбөз баалуу таштан салынганы көрүнүп турат. Аркардын мүйүзү чокусуна коюлгандыктан күмбөз бир алдын сүрдүү да көрүнүп кетет.

– Ушул күмбөз тууралуу айтып берейин - деп калды Саадабай.

– Айт, айт угалы - дешти бараткандар аттарына камчы салып, Саадабайга жандай бастырышты.

– Бул окуя мындан далай жылдар мурда болгон

экен. Ушул чөлкөмдө эки бай адам жыл сайын жайлоого чыгышчу экен. Байлык жагынан экөө биринен бири калышпаптыр. Эки байдын куракташ уулдары болуптур. Эки жигит сейилге барса дагы, той-тамашага барса дагы бирге барышып, чогуу жүрүшөт.

Экөөнүн тең алдында суу төгүлбөс жорголор. Сайран куруп жүргөн эки жигит бири-биринин аттарына көздөрү түшүп калат. Бири-бирине – атыңы сат – дешет. Жорголордун ар биринин баасы беш жүз койго бааланат. Жигиттер буга да макул болушпайт. Жигиттердин биринин аты Молдобек, экинчисинин аты Эралы экен. Жигиттер аттарды мелдеш менен жеңип алууну туура көрүшөт. Молдобек Эралыга мындай шарт коёт.

– Дос, кышкы түндө көйнөк, дамбалчан, жылаңайлак, жылаңбаш сыртта чыдап тура алсаң, жорго сеники - дейт. Эралы да Молдобекке шартын коёт.

– Дос, сен жайкы аптапта жылаңбаш, жылаңаяк күн бою чыдап тура алсаң, жорго сеники - дейт. Экөө ушинтип шерттешип, үйлөрүнө кайтышат.

Эралы үйүне сабыры суз келет. Атасы баласынын көңүлү куунак эмес экенин сезет да:

– Балам, эмне болду? Келишиң ойлуу да? - деди. Атасы такай сурай бергендиктен Эралы болгон ишти айтууга мажбур болот.

– Ата балам, чеки иш кылыпсың - деп кейийт. Кейиген менен пайда чыкпасын билген атасы, баласына канткенде жардамы тиерин ойлойт. Бай эрте туулган козунун жүнүн кыркып, койлорго кошот. Төрт кунандын жыл куйругун кырктырып, жайытка коё бердирет.

Убакыт тез эле өтүп, мелдештин шартын аткарчу мезгил кирип келет. Биринчи болуп, шартты аткаруу

Эралыныкы болчу. Муну алдын-ала сезген Эралынын атасы койду күн мурунтан сойдуруп, этин бышырып, этти чыктап, нык тойгузат. Койдун терисин бутунун алдына төшөйт. Жайытка кое берилген кунандарды карматтырып келип, экиден чаптырып келип, уулунун эки жагына байлаттырып турат. Семиз кунандардан чыккан ысык буу Эралыны кыштын кычыраган суугунан сактаса, козунун териси бутун сууктан сактайт. Ошентип, кексе бай баласын өлүмдөн алып калат.

Аптаптуу жай келип, Молдобекке кезек келет. Шарт боюнча аны Эралы жылаңайлак, жылаңбаш кылып, таш жол менен айдап жөнейт. Арадан кеп өтпей часырап тийген күндүн табынан башынан да, бутунан да ысык өтүп, мүрт кетет. Силер көргөн бул күмбөз ошол Молдобектики - деди Саадабай.

Бараткандар тунжурашты. Өздөрү көргөн күмбөздү элестетишип, "Аттиң дүйнө, көз тойбосо кыйын экен" – деген кыяпта оор үшкүрүнүп алышты.

– Адамдын көзү тоюшуна чымчым гана топурак керек - деди атын камчылаган Саадабай.

## БИР ТУУГАНДАРДЫН АКЫЛДУУСУ

Бир замандарда Көгарт өрөөнүн бийлеп турган Канатбек деген бий болгон экен. Анын санап бүтө алгыс жылкы, койлору жер бетин бербей жайылып, бийдин даңазасын арттырып турган. Эл сурап, кыргыздын кыйырына таанылган. Канатбектин үч уулу болуптур. Улуусунун аты Кадыр, ортончусунун аты Сапар, кичүүсүнүн аты Баатыр болот экен. Бий балдары бой тартып чоңойгон сайын кубанып:

– Өзүмү тартып уулдарым бай, бий болсо, арманым жок эле - деп тилек кылчу. Убакыт билинбей өтүп,

Канатбектин үч уулу тең сеңселген теректей болуп, бир кылка бой жетишөт.

Эр жеткен уулдарын көрүп, кубанган бий уулдарын алдына чакырат дагы мындай дейт;

– Силер бой тартып, жигит болдуңар менин демиме дем кошуп, дилимди жарык кылып отурат. Ушул учурду күтүп келатып, өмүрүмдүн далайын өткөрдүм. Бирок ошол өткөн өмүрүмдө силерди көрүп турам. Мен ушуга кубанам. Бий дагы бир топ акыл сөздөрүн айтып туруп, уулдарынан мындай деп сурайт.

– Эми эмне иш кылайын деп ойлойсуңар, максатыңар кандай? Алар:

– Биз шаарларды кыдырып, соодагерлик кылабыз. Байлык топтоп, өзүңүздөй бай адам болсок – дешет. Канатбек жоопко ыраазы болуп, уулдарын алыскы сапарга ак тилегин айтып, узатып калат.

Арадан күндөр, айлар өтөт. Бий балдарынан кабар билбей бушайман болот. "Уулдарым, тирүүбү же өлүүбү?" – деп сарсанаага батат. Ал ошентип санааркап жүрген кезде алыс жактан соодагерлердин кербени келип, бийдин айылына түшүп калат. Бий аларды меймандайт. Дасторкон үстүндө сөздөн сөз чыгып, бий балдарынын сапарга кеткенин, ошондон бери алардын дайнын биле албаганын меймандарга айтып өтөт. Ошондо соодагерлерден бирөө:

– Балдарыңыздын аттары ким эле? – деп сурайт.

– Кадыр, Сапар, Баатыр, Бий балдарынын аттарын атады. Соодагер Кадыр, Сапарды тааный тургандыгын эске салып, чоңу Хожжент шаарындагы чайканалардын биринде отун жаргыч, Сапар болсо чайканага келгендерге чай ташып, күн өткөрүп жүргөндөрүн айтат. Соодагерден мындай кабарды угуп, бий каттуу кайгырат.

– Мен алардын өмүрүн эле тилеп, багын тилеген эмес окшойм Теңирден – деп ичтен сызат. Арадан көп өтпөй Баатырдын кайсы бир шаарда каңгып бош жүргөнүн, болгондо да жаман жолго кирип кеткенин айтып келишет. Бул дагы бийге оор сокку болот.

... Баатыр агаларынан бөлүнгөндөн кийин шаардан шаар кезип отурат. Акыры бир шаарга келип туруп калат. Жашаш үчүн тилемчилик кылат. Кумар ойнойт, кумарга баарын уткуруп, тентиреп көчөдө калат. Аябай жүдөп жүргөн маалда шаар башчысынын жарыясы дайын болот. Анда минтип айтылат: "Кимде ким шаар башчысына үвазир болгусу келсе, жети тоонун аркы бетинде, кум эшилген капчыгайдын төрүндө, аска-зоонун бетинде алтын бар. Ошону мага алып келип берсин". Жарыяны уккан Баатыр алтынды алып келү үчүн айтылган жерди көздөй жөнейт. Далай күн, далай түн өтүп, мерчемдеген жерге жетип барат. Алтындуу жерди ажыдаар кайтарат экен. Ага каршы чыгайын десе, куралы жок.

Ар амалды ойлойт. Качантан бери чөнтөгүндө жүргөн көкнарды эстей калат. Кекнарды нанга кошуп, ажыдаарды көздөй ыргытат. Ажыдаар нанды оозу менен тосуп алып, жутуп жиберет. Көп өтпөй ажыдаар дене боюн жазып, катуу уйкуга кетет. Баатыр ажыдаарды уктатып коюп, үңкүрдөн алтынды көтөрүшүнчө алып, шаар башчысына келет. Чачтары, сакалы өсүп, абдан жүдөгөн Баатырды көргөн шаар башчысы андан сурайт:

– Кебетеңе карап ишенбейм. Менмин деген азаматтар даап бара албаган ажыдаарды кантип жеңип келгениңе таңмын - дейт. Баатыр болгон окуяны айтат.

– Бала, сен акылдуу жигит экенсиң. Сага дагы бир шарт бар дейт шаар башчысы. Баатыр угуп турат.

– Мага күйөө бала болосуң - дейт. Ошонтип, Баатыр увазир болуп шаар башчысынын кызына баш кошуп, хан сарайда бактылуу турмушта жашап калышат.

Бий оорудан айыгып, өзүнө келгенден кийин балдарын табууга бел байлайт. Соодагер айткан шаарга келип, Кадыр менен Сапарды табат. Андан ары бий эки баласын ээрчитип, Баатырды издеп жөнөйт. Далай аймактарды аралап жүрүп отуруп, кереметтүү шаарга туш келишет. Шаарда бир аз аялдап, чарчоолорун жеңилдетиш максатында кербен сарайдан орун алышат. Кербен сарайдын бир кызматкери кечки чайда алар менен чогуу болуп калат. Чай үстүндө бий тиги кызматкерге айтат:

– Шаарыңар абдан кооз экен. Жечү дүр-дүйүм даамды ушул жерден көрдүм. Шаарыңардын акими ким? Сарай кызматкери:

– Шаар башчыбыз иштин көзүн билген, элим деп күйгөн айкел адам. Анын увазири Баатыр деген жигит – дейт. Муну уккан бий: - аты менин уулума окшош экен. Мүмкүн уулум болуп жүрбөсүн? Ушинтип ойлоп:

– Башчыңар барсак кабыл алаар бекен? Бий кызматкерге кайрылды.

– Сезсүз кабыл алат. Жардам сурасаңар жардамын аябайт. Кызматкер ишенимдүү айтты.

Эртеси бий балдарын ээрчитип, увазирге кирмек болду. Кирүүгө руксат болгондон кийин эшик ачып кирип барган бий өз көзүнө өзү ишенбей туруп калды.

– Ата, менмин, кара чечекей балаңыз Баатырмын!

– Алда балам ай, сени кудай көрсөтөт экөн го! Ата бала көпкө чейин кучакташып турушат. Агалары менен да учурашат. Баатыр атасын, агаларын эки-үч айлап сыйлап, арбын алтын, күмүш берип жөнөткөн экен.

Көп байлыкка ээ болсо да, Сапар баягы чайкана-

чылык ишинө кетип калат. Ошондон улам "Ар ким өз кесибин кылат" деген сөз калган эл арасында.

## ҮҢКҮР

Мен уламышты Лейлек жергесине барганда уккан-мын. Анда геология чалгындоо партиясында бурглоочу болуп иштөөчүмүн. Ошондо ал жакта бир айга жакын болгонбуз. Чалгындоо жүрүп, бир үңкүргө туш келдик. Үңкүрдүн оозу аябай чоң экен. Бир адам бейм арап баткыдай. Адегенде баарыбыз үңкүрдү көрүп, бир алдын чочулап, ичине даап кириштен айбыктык. Бир топ тургандан кийин тобокелге салып, анан ичинө кире турган болдук. Бир топ жүргөндөн кийин үңкүрдүн ичи караңгы болуп, андан ар бир топ жүрдүк. Ошондо гана түп жагына жетүүгө мүмкүндүк болду. Үңкүрдүн аябай тереңдигине таңданып, боз ала болуп кайра чыктык. Бул жер бизди аябай таң калтырды. Көп жерди кыдырып, мындай үңкүрдү кезиктирбегенбиз.

Бул үңкүр тууралуу ушул жерлик Бекбо карыядан уктук.

Үңкүрдөн бир чакырым алыстыкта кыштакча бар. Ошондо Бекбо карыя жашайт экен. Кыштак өзүнүн жупуну боз тамдары менен өзүнүн байыркы айыл экенин далилдейт.

Ак сакалы көкүрөгүнө түшкөн бул карыя жашы сексен төрткө барганын айтты. Ушунча жашка барганына карабай али тың, сөзү кайраттуу. Карыянын азыркы келбети эле жаш маалында аябагандай баатыр адам болгонун ырастайт.

Ошондо үңкүр жөнүндө Бекбо карыя минтип айтып берген эле.

– Силер көргөн үңкүрдү бир убакта ажыдаар ме-

кендеген. Ошондуктан азыр ал аймак "Ажыдаар" деп аталат. Азыр ал жерге кой, мал кыштатылат. Жакында чөп орулат. Малга ыңгайлуу. Ошонун аталышында уккула. Карыя бир нерсени эстей албай жаткансып, чекелерин тырыштырып, бир азга туруп, анан сөзүн токтоо баштады.

– Илгери, илгери ушул аймакта кадимкидей бак тигип, үй куруп, адамдар жашашкан экен. Ошондо эл катары күн көрүп, жашашкан эрди-катын болуптур. Алар көп жыл бирге жашашса дагы негедир перзенттүү болушпайт экен. Убакыт өткөн сайын баягы экөе перзенттүү болушпаганына катуу капаланышат. Ошондой убайымга батып жүргөн күндөрде алардын үйүн чексиз кубаныч аралайт. Бир уул, бир кыздуу болушат. Мындай окуяга алардын төбесү көккө жеткиче сүйүнүшет. Элге той өткөрүшөт.

Кубанычка жуурулган күндер биринен сала бири өтүп, бактылуу ата-эненин улуу менен кызы да чоңоюшат. Балдары чоңойго сайын тигилер да кубанып, кечке талаада болушуп, эгин өстүрүшөт. Аны базарга алып барып сатып, өлбөстүн күнүн керүп жашай беришет. Ар дайым балдары ата-энеси келгиче үйдө ойноп отура беришчүү экен.

Күндөрдүн биринде балдардын ата энеси талаада иштеп жүрүшүп бир бычак таап алышат. Бычактын сабында мындай жазуу болот:

–"Кимде ким ушул бычак менен бир нерсе кесип жесе ал ажыдаарга айланат" Ушул жазууну окуган тигилер бир алдын бычакты албоону чечишет. Бирок бычак аябай көрктүү, жалтылдап тургандыктан тигилерди эрксиз алууга аргасыз кылат. Бычакты эч кимге көрсөтпөй үйгө алып барып катып коюуну чечишет. Алып барып бекем бекитишет.

Арадан бир далай күн өтөт.

Бир күнү ата-энеси жумушка кеткен кыз менен бала баягы бычакты таап алышат. Аны менен коон союп жешет. Бычакты таап алган жерине кайра коюп коюшат. Бул жөнүндө ата энесине бир ооз айтышпайт. Күн дагы өтө берет. Баягы кыз менен бала таң калаарлык чоңоё башташат. Барган сайын ал экөөнү тойгузам деген ата-эне суй жыгыла турган болушат. Акырында үйгө да батпай калышат. Ошондо байкуш ата-эне кепе жасап, ошондо бага башташат. Кепеси жанагы силер көргөн үңкүр болот. Күн өтүп баягы кыз менен бала ажыдаарга айлана башташат. Акырында оокат ташыган ата-энесин дагы жутуп коюшат. Ушул жерге келгенде Бекбо карыя айланадагыларды кыдырата бир сыйра карап алды да, куудай аппак сакалын салаалап, сөзүн кайра улады.

– Бара бара баягылар чоң ажыдаар болп жетилишет. Эми анча мынча оокатка тойбой турган болушат. Тамак ташый турган эч ким жок ажыдаарлар абдан ачыгышат. Өздөрүнө тамак издеп үңкүрдөн сойлоп чыгышат. Алдыларынан чыккан тирүү жандардын баарын жутушат. Бул аймактын баарын жутуп, айланада эч ким калбайт. Ошондо алыс жактарга сойлоп жөнешөт.

Бир оокумда карыя үйдүн түндүк тарабындагы жарык терезеге колун кезей берип, - тээтиги тоону көрдүңөрбү - деди.

– Ооба, көрдүк - дедик биз терезеден арыда көрүнүп турган бийик тоого көз чаптыра берип.

– Ошол Ак Таш тоосу деп аталат. Баягы ажыдаарлар ошол тоо аркылуу ашып өтүшөт экен. Азыр да изи бар. Жакшылап карасаңар көрүнөт. Көзүңөр курч эмеспи. Мен карыгандан бери түзүк көрө албай калдым.

Мурун ажыдаарлардын изи деп көрүнүп турчу эле деп Бекбо карыя карып бара жатканын мойнуна ала сүйледү.

Биз чын эле Ак Таш тоосунун боорунан агыш тарткан жолдун изин көрдүк.

– Ооба аба, көрүнүп турат дедик.

– Көрсөңөр ошол садагалар. Ташка баткан жолдун изи окуянын болуп өткөнүн ырастагансып бизди таң калтырды. Анын үстүнө аты айтып тургандай тоо жалаң таштан куралыптыр. Ошондуктан биздн көзүбүзгө таштан башка эч нерсе чалдыкпады.

– Ак Таш тоосунун ары жагында чоң дарыя болгон дейт. Анын аркы өйүзүндө эл жашачуу экен - деди аңгеменин кызгына кире түшкөн Бекбо карыя:

– Тоону ашып түшкөн ажыдаарлар туура эле дарыяны сүзүп өтүүгө бет алышат. Ошол учурда ургаачы ажыдаар кош кат болуп калган болот. Дарыядан кечип өтө албай. Сууну бөгөп кала берет. Ал эми эркеги суудан өтүп кетет.

Ажыдаар келе жатканын билген элдин заманасы куурулат. Баарынын башында бир гана өлүм акмалап калат.

Ошол айылда уста шакирти менен узанчуу экен. Уста өзүнүн кееру төгүлгөн усталыгы менен кыйлага даңкы таркаган экен. Эл башына тигиндей мүшкүл түшкөнүн көргөн уста шакирти менен элди ажалдан кантип болсо да, сактап калууну акылдашат. Уста менен шакирти көпкө ойлонот. Бир оокумда шакирти:

– Уста, мен бир ой таптым. Ошондо гана элди ажыдаардын оозунан куткарып алууга болот дейт. Уста муну угуп кубанып кетет.

– Кана айтчы? Шакиртин таңдана карайт.

– Сүт бар эмеспи, Кадимки эле сүт. Ошону кайна-

туу керек. Анан ошону Ажыдаардын оозуна чачуу керек. Ажыдаар ошондо гана мертинип, эл аман калышы мүкүн - дейт акылдуу көздөрүн бажырайтып. Бул ойго бир алдын уста ыргылжың болот. Акыры уста да буга макул болот. Аңгыча бардык нерсени өзүнө оп тарткан ажыдаар айылга кирип келет. Ошондо уста менен шакирти кайнап жаткан ысык сүттү ажыдаардын оозуна чачып калышат. Бул етө тездик менен иштелгендиктен ажыдаар ошол жерден жан берет экен. Өздөрүнүн акылдуулугу, жүрөктүүлүгү менен ез айлын өлүмдөн сактап калышат экен. Бекбо карыя жүзүн бизге буруп:

– Шакирти бул ойду ойлоп таппаганда бүт айыл ажыдаарга жем болмок. Ошондон улам эл арасында "Устадан шакирти өтүптүр" - деген макал эл арасында ошондон бери жашайт экен. Ажыдаар кыштоонун баяны уламышта ушинтип айтылат экен садагалар. Мындай нерселерди угуп көкүрөккө түйүп койгон жакшы деп Бекбо карыя аңгемесин аяктаган. Үңкүр жөнүндө уламышты ушинтип уккан элек.

# Мазмуну

Таргыл уй........................................ 3
Бала мышык........................................ 8
Чоочун бала........................................ 10
Балапан........................................ 17
Оң кол менен сол кол........................................ 20
Чынын айтты........................................ 20
Жайлоодо........................................ 22
Акыркы ирмемдер........................................ 28
Жүгөрү менен чырмоок........................................ 30
Сөйкө........................................ 33
Беккулунун ити........................................ 36
Алаканаттын жоруктары........................................ 37
Барчынай........................................ 39
Уламыштар........................................ 42
Күмбөз сыры........................................ 43
Бир туугандар........................................ 45
Үңкүр........................................ 49
Мазмуну ........................................ 54

ИСМАИЛОВ Төрөбай

# *ЧООЧУН БАЛА*

Редактору: *Айдана НАРКУЛОВА*

Корректору: *Барчынай ТӨРӨБАЕВА*

Техникалык корректор: *Ибрагим ИСАКОВ*

Компьютерде калыпка салган: *Гүлбархан КАРАБАШОВА*

Форматы 60x84 1/16.
Көлөмү басма табак.
Нускасы 300. Буйрутма № ____.

«ЖЧ» И. Исаков ишканасында басылды.
Жалал-Абад шаары, Токтогул көчөсү, ___.